Жумуш менен камсыз кылуучу тараптан эмгек укуктарынын жана үйдө болуу-карантин эрежелеринин бузулушуна жол берилсе Санкт-Петербургдагы Мамлекеттик эмгек инспекциясынын күнү-түнү иштеген түз байланыш номерине кайрылыңыз:
(812) 408-90-16

**Кошумча маалыматтар:**
**Санкт-Петербургдагы Мамлекеттик эмгек инспекциясы** git78.rostrud.ru, (812) 747-37-85
**Ротруд түз байланышы**:
онлайнинспекция.рф/covid19

### 4. Зарыл болгон учурда социалдык жардам алуу

Россия Федерациясындагы үй-бүлө мүчөлөрүндө убактылуу жашоо үчүн каттоого турган чет элдик жарандар, көп балалуу үй-бүлөлөр жана кары адамдар ыкчам социалдык колдоо алуу үчүн кайрылганга укуктуу.
Социалдык жардамды алуу мүмкүнчүлүктөрү жана тартиби боюнча **СПб ГКУ «Центр организации социального обслуживания» түз байланыш телефонунан алсаңыз болот**:
(812) 576-0-576 (жумуш убактысында гана)

### 5. Шаардын консулдук мекемелерине жардам алуу үчүн кайрылуу

Санкт-Петербургдагы Сиздин мамлекеттин элчиликтеринде жана консулдуктарында мамлекеттик кызматтарды жана зарыл болгон колдоолорду, анын ичинде Мекенге тез арада кайтуучу чараларды көрсөтүүчү ыкчам чара көрүү штабы иш алып барууда.

**Кошумча маалыматтар:**
**Санкт-Петербургдагы Кыргыз Элчилигинин канцеляриясы**:
kyrgyzembassy.ru, (812) 418 24 22 (консул),
+7 (921) 939 35 40 (ардактуу консулдук)

**Урматтуу достор!**

Эгер Сиз —чет элдик жаран болсоңуз, Сизге тез арада укуктук жана социалдык жардам зарыл болсо, кыйын кырдаалга туш болсоңуз же кеңеш алууга муктаж болсоңуз кеңеш алуу үчүн

**БФ «ПСП-фонд»** түз байланыш номерине кайрылсаңыз болот:
**+ 7 953 141 31 09 -** түз байланыш:,
**migrussia.ru** — пайдалуу байланыш, мыйзамдар боюнча маалыматтар, мигранттарга түрдүү кеңештер
**vk.com/pspfond** —Вконтакте группасы

**Санкт-Петербургдагы миграциялык саясатты ишке ашыруу жана улуттар аралык мамилелер Комитетинин түз байланышы:**
**http://migrantinfo.kmormp.gov.spb.ru,**
**(812) 576-28-67**

**СПб ГКУ «СПб Дом Национальностей»**
Санкт-Петербург, ул. Моховая, д. 15, лит. А
Domnac@yandex.ru , spbdn.ru , vk.com/spbdomnac
Instagram: spb_domnac

Буклет разработан БФ «ПСП-фонд»
Автор-составитель: Якимов А.Н.

Комитет по межнациональным отношениям и реализации миграционной политики в Санкт-Петербурге

Дом Национальностей Санкт-Петербург

ПСП-фонд

# Үйдөн чыкпоо-карантин режими: Эмне кылуу зарыл жана ким жардам берет? Мигранттар үчүн пайдалуу маалыматтар



**Учурда дүйнө жүзү боюнча коронавирус COVID-19 эпидемиясы таркап жатат**: бул вирус жугуштуу дарт катары өтө коркунучтуу болуп саналат жана кесепети курч дем вирустук ооруларын пайда кылат жана өлүмгө чейин алып барат. Негизги тобокелчилик тобуна 65 жаштан жогоркулар кирет. Бирок, балдар, жаштар жана орто курактагы адамдар да оор түрдө жабыр тартат. Вирус адамдан адамга — чүчкүргөндө, жөтөлгөндө жана ошондой эле жакын болгондо жугат.Негизги белгилери: жогорку температура, кургак жөтөл, оор дем алуу, муундардын оорусу, чарчоо, алсыроо, кээде баш ооруу, көкүрөктүн ооруусу, ич өткөк, көңүл айлануу жана кан түкүрүү. Оорунун белгилери жуктуруп лагандан кийинки 14 күн ичинде пайда болот жана кадимки суук тийген, сасык тумоо сыяктуу болот.

**Коронавирустан кантип сактануу керек:**

- коомдук жайларга барбоо, зарыл болбосо үйдөн чыкпоо
- кол менен бетти кармабоо
- бейтаптар менен мамиле кылуудан алыс болуу
- колду жакшылап самын менен жууп туруу (ысык сууда 30 секундан кем эмес)
- колдонулган буюмдарды дезинфекциялоо жана бөлмөдө тазалыкты сактоо
- башка адамдардан оолак, алыс туруу. кол алышып, кучак жайып учурашпоо.

Көбүрөөк маалымат: стопкоронавирус.рф

**Санкт-Петербург шаарында коронавирус илдетинин таркап кетүүсүнүн алдын-алуу максатында үйдөн чыкпоо-карантин режими киргизилген.**

**Санкт-Петербург шаарындагы үйдөн чыкпоо-карантин тууралуу кеңири маалымат бул шилтемеде: gov.spb.ru/covid-19, шаардык түз байланыш номери (812) 245-32-20**

## Чет элдик жарандар эмне кылуусу зарыл

### 1. Өз ден-соолуктарына кам көрүүсү абзел

**Өзүңүздү жаман абалда сезсеңиз тез арада жардамга кайрылыңыз.**
Эпидемия шартында адам ден-соолугуна коркунуч жаралган учурда тез жана күтүлбөгөн медициналык жардамдар медициналык камсыздандыруу полиси жана башка документтер жок болгон учурда да акысыз көрсөтүлөт.

**Тез жардам кызматын 112 же 103 номери аркылуу чакырсаңыз болот.**
**Эгер тез жардам чакырууга келбесе же Сизди дарылоодон баш тартса төмөнкү телефонго чалыңыз (812) 571-45-04**

Кошумча маалымат:
**Россиянын Саламаттыкты сактоо министрлигинин түз линиясы**: 8 800 200 0 200
**Санкт-Петербург шаарынын саламаттыкты сактоо комитетинин маалыматтык байланышы, күнү-түнү байланышта**:
(812) 63-555-77 zdrav.spb.ru
**Санкт-Петербург шаарындагы кош бойлуу аялдар үчүн түз байланыш, күнү-түнү байланышта**:
8 952 288 03 20
**Санкт-Петербург шаарындагы чет элдик жарандар үчүн медициналык жардам көрсөтүү боюнча медициналык мекемелердин жана тез жардам көрсөтүү байланыштары**:
migrantinfo.kmormp.gov.spb.ru/budte-zdorovy

### 2. Миграциялык документтердин мөөнөтүн узартуу боюнча эч кандай тынчсызданбагыла

Россия Федерациясынын Президентинин 18.04.2020-жылдагы №247 Указынын негизинде **2020-жылдын 15-мартынан тартып, 15-июнуна чейин миграциялык документтердин мөөнөттөрүнүн иштөөсү токтотулду.**

- миграциялык каттоого туруу, виза, каттоо, патент алуу, жумушка уруксат алуу, убактылуу жашоого жана туруктуу жашаганга уруксат алуу жана убактылуу баш калкалоо мөөнөтү бүткөнүнө карабай күчүнө ээ болот.
- сыртка чыгаруу чечими, жумушка келүүнү токтотуу жана патентти жокко чыгаруу, убактылуу жашоого жана туруктуу жашаганга уруксат берүү боюнча документтер 15-марттан 15-июнга чейин кабыл алынбайт.

**Кошумча маалыматтар:**
**- Ленинград областынын жана Санкт-Петербург шаарынын миграция маселелери боюнча башкармалыгы**:
78.мвд.рф/ms , (812) 573-30-02
**- Санкт-Петербургдагы миграциялык саясатты ишке ашыруу жана улуттар аралык мамилелер Комитетинин түз байланышы**:
http://migrantinfo.kmormp.gov.spb.ru,
(812) 576-28-67

### 3. Эмгек укугун коргоо

Эпидемия шартында жумуш менен камсыздоочу Сизди жөн гана жумуштан бошотууга же айлык маянаңызды кесип салууга, жумушка чыгарууга же акы төлөбөй кошумча иштетүүгө укуугу жок. Жумуш менен камсыздоочу Сизди коргоочу материалдар (беткап, колкап) менен камсыздоого тийиш, Сиз менен эмгек режими, маянаны толук түрдө төлөө, жазаларды киргизбөө, эмгек маяналарын эсептөө жана төлөө тартиби менен тааныштырып, кол койдуруп алуусу керек.
Россия Федерациясынын Президентинин 18.04.2020-жылдагы №247 Указынын негизинде **2020-жылдын 15-мартынан тартып, 15-июнуна чейин чет элдик жарандар жумушка орношууда патенти жана уруксаты жок болсо да кабыл алына берет.**